# ММК фондунун 2026 жылдын 9-айыында жарандар менен жүргүзүлгөн иштери

Мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында медициналык жардам алууда жарандардын укуктары бар экендиги, жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоо, ММК полиси жөнүндө калктын маалымдуулугун жогорулатуу максатында ММК фонду жана анын аймактык башкармалыктары тарабынан 2026-жылдын 9-айында жалпысынан 726 жолугушуу уюштурулган жана өткөрүлгөн, анын ичинен калк жана айылдык ден соолук комитеттери менен -335, медицина кызматкерлери менен - 391. Массалык маалымат каражаттарда 128 чыгуулар болду

"Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө "Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруунун алкагында ММК фондунун Төрага А.К. Мукановдун катышуусу менен Токмок ш. ЖДПБнын жана Чүй районунун ЖДПБнын медициналык кызматкерлери менен жолугушуу болуп өттү. Бейтаптардын укуктарына да, медициналык кызматкерлердин укуктарын коргоого да өзгөчө көңүл бурулду. Ушундай эле форматтагы жолугушуулар Бишкек шаарындагы № 1 шаардык клиникалык ооруканасында жана №1 ҮМБда жана Ысык-Көл облусунун саламаттык сактоо уюмдарында болуп өттү.

ММК Фондунун социалдык тармактарда Facebook (https://www.facebook.com/fomsKG/), –Instagram (https://www.instagram.com/foms_kg/) жана Telegram-каналда (https://web.telegram.org/k/) расмий аккаунттары бар. Жалпысынан 2026-жылдын 9-айында ММК фондунун сайтында 114 пресс-релиз, маалымат агенттиктеринде 268 жаңылык материалдары, социалдык тармактарда 445 билдирүүлөр жана 36-видео релиз даярдалган жана жайгаштырылган. ММК фонду менен келишим боюнча иштеген бардык саламаттык сактоо уюмдарында, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын маалымат такталарында ММК фондунун 113 ишеним номуруна кайрылуу жөнүндө маалымат жазылган плакаттар илинген.

Отчеттук мезгилдин ичинде Нарын облусунун "Нарын ТВ" телекөрсөтүүсүндө "ММК полиси жөнүндө", "Амбулатордук деңгээлде жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоо" видеороликтери көрсөтүлүп, бардыгы болуп 2100 ашык трансляция жүргүзүлдү. Мындан тышкары, "Нарын ТВ" телеканалынан ММК полиси, фермерлердин жана дыйкан чарбалардын мүчөлөрүнүн камсыздандырылгандыгы жөнүндө маалыматтар (38,3 мин жолу) чуркоочу саптар аркылуу көрсөтүлдү.